**Карачева Өмүргүл Сулаймановна –**
Балыкчы шаарындагы № 4 гимназия мектебинин
тарых жана жаран таануу мугалими

# “Бата алган шаарым – Балыкчы“
## (“Түрк дүйнөсү: - Ысык – Көл аалам ордосу“ эл аралык конференцияга даярдалган изилдөө иши.)

“Тогуз жолдун тоому” аталган Балыкчы шаарыбыздын тарыхы алгачкы коомго барып такалат. Илимий айрым булактардан Балыкчы жөнүндө кээ бир маалыматтарды табууга болот, бирок, системалуу түрдөгү, көлөмдүү, ар тараптуу изилдөөлөр жокко эсе. Менин кичинекей илимий макалам изилдөөнүн бир тамчысын түзөт деп ойлойм.

Илимий айрым булактага кайрылуу менен Балыкчы шаарынын пайда болушун төрт мезгилге бөлсө болот:

1 – мезгил: алгачкы палеолит доору – б.з.ч. 800 – 10 – миң жылдыктар;

2 – мезгил: Улуу Жибек жолунун доору – б.з.ч. II к. – б.з. 15 – 16 кылымдары;

3 – мезгил: Кыргызстан Орусиянын курамында – XIX к. 30–жж. – XX-к. башы.

4 – мезгил: Совет бийлигинин доору XX к. 20 – 30-жж.

Азыркы Кыргызстандын аймагына калк адамзат тарыхынын эң байыркы мезгилинде эле отурукташкан. Бул мезгил адамдын жана адамзат коомунун калыптанышы, алгачкы эмгек куралдарынын пайда болушу менен мүнөздөлөт.




МЕЗИОЛИТ (ортонку таш доору) - б.з.ч 11500 - 7 мин жылдыктар аралыгы

Теңир – Тоодогу алгачкы палеолитке таандык болгон маанилүү эстеликтердин бири – Ысык–Көлдүн батышындагы, Балыкчы шаарынан 3 км. түштүк тарапта жайгашкан Саламат – Булак комплекси. Бул комплекс Боз–Бармак, Ак–Өлөң, Саламат–Булак деген үч археологиялык эстеликтен турат. Бул жердеги төртүнчүлүк дооруна тиешелүү тектирчелерден миңге жакын байыркы курал – жарактар табылган. Булардын көбү – кара-күрөң түстөгү порфириттен алынган, кыска жана жазы түрдөгү жарылган таштар жана алардан жасалган куралдар.

Алар ар түрдүү формада учурайт. Саламат – Булактан мынчалык көп сандагы буюумдардын табылышы бул климаты жагымдуу аймакты байыркы адамдар узак мезгил бою мекендеп турганынан кабар берет. Бул жердеги алгачкы адамдар аңчылып кылып, азык–түлүк терип жыйноодон тышкары, балык улоо менен да кесиптенишсе керек.



## АК-ӨЛӨҢ ТАБЫЛГАЛАРЫ

Улуу Жибек жолу биздин заманга чейинки экинчи кылымда Кытай менен Алдыңкы жана Борбордук Азия элдеринин өзара катышкан кербен жолу катары тарыхка кирген. Улуу Жибек жолунун үчүнчү бутагы (түндүк бутагы): Замин – Бинкктет (Ташкент) – Исфижаб (Чымкент) – Тараз – Мерке – Нузкент (Кара–Балта) – Суяб (Ак–Бешим) – Боом капчыгайы – Кутмалды[1] – Барсхан – Сан – Таш – Каркыра – Жунгария – Алтай – Монгалия.

Боом капчыгайы өтө татаал болгондуктан Улуу Жибек жолунун айрым кербендери Кутмалдууга Калмак ашуусу аркылуу түшкөн. Тескерисинче, Турпандан чыккан кербен Каркыра аркылуу Ысык–Көлгө

[1] Балыкчы шаарынын орду мурда калың чийлүү келип, кышкысын кыргыздар кыштап, малын аман–эсен кыштан чыгарып алышчу экен, ошондуктан бул жерди Кутмалдуу деп аташкан

келип, анан күнгөй – тескейи менен өтүп, бир бутагы Кутмалды – Нарын – Фергана, экинчиси Кутмалды – Боом – Чүйгө жол тарткан.




УЛУУ ЖИБЕК ЖОЛУ

Улуу Жибек жолунун үчүнчү бутагы аркылуу өткөн саякатчылар, кербендер ж.б. Ысык- Көлдүн чыгышындагы Чигу б.з.ч. II к. – орто кылымдардын алгачкы жылдары, Тоңдогу Кан – Дөбө – 6 – 12 к.к., Барсхан (Барсаган, Фарсхан) – 8 – 12 к., Тору – Айгыр шаарларына – (10 – 12 к.), Кутмалды чөлкөмүнө токтобой жолун узартышкан эмес. Анткени, алар, айрыкча Чигу жана Барскан, чыгыш менен батыштын ортосундагы соода катнаштарынын ири түйүнү, караханилер, карлук, кидан, түргөш мамлекеттеринин саясий, экономикалык, маданий борборлору катары маанилүү ролду ойногон.

Географиялык абалына жараша тогуз жолдун тоому, Ысык – Көлдүн түштүк – батыш, батыш дарбазасы аркылуу тагдырына Кутмалды биздин заманга чейин эле ээ болгон.

XIX кылымдын ортосунда Түндүк Кыргызстан тарыхый өтө татаал кырдаалда калды: калмактардын кыргындуу жортуулдарынан, Аблай хандын чапкынынан жаңыдан гана оңоло баштаган кыргыз жерине Кытай богдыханы, Кокон ханы сугун артып, баскынчыл аракеттерин жасады; кокондуктар кыргыз урууларын кайраштырып, алардын ички ынтымагын бөлүп – жарды; Кытай богдыханы сыяктуу орус падышасы деле кыргыздардын күчтөнүшүн, бирдиктүү мамлекетке биригишин каалаган эмес.

Кененсары баштаган казактын Орто жана Улуу жүздөрүнүн султандары кыргыздын түндүк урууларына зордук – зомбулук, талап – тоноо, адам каны суудай агызуу саясатын жүргүздү. Мындай баскынчылык саясат уруулардын баш кошуп, бирдиктүү аракеттенүүсүн талап кылган.

Түндүк кыргыздарды бириктирүү үчүн бирдиктүү бийлик керек эле. Ушул максатта Ормон манап XIX к. 40-жылдарынын башында Кутмалдыга (Кызыл–Саз, Орто-Токой) атайын жыйын чакырган. Бул жыйынга атактуу уруу башчылары: Боронбай, Балбай, Өмүр баатырлар, Жантай хан, Жангарач, Ажыбек, Алыбек, Черикчи ж.б. келген. Булардан тышкары Кокон ханынын элчидери да катышкан. Жыйында сарбагыш уруусунун башчысы Ормон хан көтөрүлгөн. Түндүк кыргыздар Кененсарынын басмырлоочу талаптарынан баш тартып, согушууга камынышкан. Бул согуш кыргыздар үчүн жеңиш менен аяктап, Түндүк урууларынын ортосунда ынтымак бекемделген.

Балыкчы шаарынын пайда болушунун дагы бир феномендүү окуясын айтпасак болбойт го. Кыргыз элинде аке, олуя дегендерди көрүнгөн эле кишиге бере бербейт. Элдик, олуя наамына татыктуу болуу үчүн адам касиеттүү, кудуреттүү, ыйык, урматтуу, акылман, коомдук окуяларды күн мурунтан көрө билген, эч бузулбай сөзү-сөз, кеби кеп бойдон эл ичине сиңип, кылымдар өтсө да түбөлүктүү кубулушка айланган. Ошондой сапаттарга ээ болгон адам – Калыгул олуя. Бул адам өзү жашаган доордун улуу ойчулу; элдик футуристи катары дүйнө, коом, адамдын маңызындагы кыймылдар жөнүндө прогрессивдүү көз ераштарды чагылдырган терең ойлорду, келечектин божомолдорун жана нускалуу насыяттарды элине жеткирген. Калыгул олуя келечектеги Балыкчынын ташынан алтынды, кумунан күмүштү көрө алган. Бозоргон жарым чөлдүү талаага шаар түшөөрүн көрөгөч ойчул болжолу жарым кылым мурда айталган:

Бир кезде жердин көркү шаар түшөөр,
Көл бетинен наар түшөөр.
Ташы алтын, куму күмүш турбайбы,
Ысык – Көлдүн босогосу болоор.

Байкагыч, сезимтал Калыгул атабыз кыргыз элинин социалдык өзгөрүүлөрү жөнүндөгү алдын ала ой жүгүртүүлөрүнүн бири Балыкчынын келечегине түздөн – түз тийешеси бар.

Бул маселе боюнча ал эмнелерге таянган? Жер которуп келгендерге чейин эле болочоктогу Балыкчынын айланасы Бууган – Чий, Кызыл – Саз, Кызыл – Токой, Орто – Токой; Кутмалды деп кыргыздар атап келген. Эл жакшылары тиги же бул маселелерди чечүүчү уруу аралык ири жыйындарга топтолушкан.

Тууганчылык, куда – сөөктүк соода ж.б. иштер боюнча көлдүктөр анын ичинде Калыгул карыя да Кочкор, Нарын, Тогуз – Торо, Анжиян, Жумгал, Суусамыр, Таласка; нарындыктар Көлгө, Чүйгө; чүйлүктөр Көлгө, Кочкор, Нарынга катташып турушкан. Демек, Балыкчынын географиялык – коомдук

шарты тогуз жолдун тоому экендигин кыргыздар жакшы түшүнгөн. Бирок, келечекте бул аймакка шаар түшөөрүн Калыгул ойчулдан башка эч ким айталган эмес. “Көл бетинен наар түшөөр“ деп Калыгул ата айткандай ал кезде Балыкчы булуңу, көлдүн башка бөлүктөрүндөй эле, балыкка, илбээсинге, токойго, камышка, чийге ж.б. бай келген.

Орус элинин географы, саякатчысы, этнографы, ботаниги жана Борбордук Теңир – Тоону (ал кезде Тянь–Шань) биринчи болуп изилдеген П.П.Семенов 1856 – жылдын 26-сентябрында өзүнүн чакан экспедициясы менен Боом капчыгайы аркылуу өтүп, Балыкчынын түштүк-батыш булуңундагы Кызыл–Сазга жете келип, Ысык–Көлдүн сулуулугуна суктанып, изилдөө иштерин жүргүзө баштаган. Натыйжада, Ысык–Көлдүн көлдөн агып чыккан өзөн суу Нарын дайрасына барып кошулат деген ошондогу Петербург окумуштууларынын аныктамасын төгүнгө чыгарган. Ал мезгилде Чүй суусунан бөлүнүп чыккан өзөн суу тескерисинче, көлгө келип куярын окумуштуу далилдеген. Жеке эле муну менен чектелбей, ал касиетүү көлдүн жан–жаныбар дүйнөсүн, жер кыртышы менен өсүмдүктөрүн изилдеген.



**БАЛЫКЧЫ ШААРЫНДАГЫ СЕМЕНОВ-ТЯНЬ-ШАНСКИЙДИН ЭСТЕЛИГИ**

Кыргызстандын Орусияга оторчулук мезгилинде б.а. 1871–жылы Пишпек, Верный, Каракол шаарларынын ортосунда почта байланышын түзүү жөнүндө сөз болот да, азыркы Балыкчыда алгачкы байланыш түйүнү почта станциясы курулат.

1876–жылы бул станцияга жакын жерге Верный шаарында жашоочу С.Е.Дмитриев келип, Кызыл–Сазга жылкы заводун уюштурган. Бир нече үй-бүлөдөн турган чакан айыл Ново–Дмитриевск деп аталган.

1884–жылы станцияга жакын көл боюнан балыкчы Михаил Бачин балык ыштоочу жай тургузган. Балыктарын Токмок, Пишпек, Верныйга чейин алпарып сатып турган. 1886 – 1887-жж. Анатолий Жданов, Сергей Чешев жана башка орус туугандарынын үй-бүлөлөрү Бачин менен коңшу жайгашып, 1894–жылы балык кармоочу артель уюштурат. 1907–жылы бар болгону онго жакын үй-бүлө болгон. Токмок менен Караколду байланыштырылган телеграф зымы тартылган, бул жер ири эл отрукташкан аймакка айланган.

1909–1914–жылдардын мезгилинде жарыяланган маалыматтарда азыркы шаардын ордуна калк орношкон бир гана пункт көргөзүлгөн, ал да: Кутемалды, Ново – Дмитриевский, Бачино жана акырында Рыбачье деген ар түрдүү наамда берилген.




**БАЛЫКЧЫ ШААРЫНЫН АЛГАЧКЫ ТУРГУНДАРЫ**

Мисалы, 1910–жылы генералдык штабтын начальниги, полковник Ахвердов тарабынан түзүлгөн “Жети–Суу областы боюнча маршруттардын жыйнагы” деген эмгегинде мындайча саптар бар: “Ново–Дмитриевское селосун түзүүчү, бир нече үйдөн турган Кутемалды станциясынын жанында почта-телеграф бөлүмү бар”.

А.Купластын “Жети-Суу областы” (1913-жыл) деген китебинде: “...Пржевальский жана Жаркент уезддеринде бара жаткан көчмөндөр үчүн Ысык–Көлдүн жанындагы Бачино кыштагынын Ново–Дмитриевский станциясында токтоп өтүүчү пункт бар” - деп айтылат. Ал эми бир жылдан кийин чыккан “Жети–Суу областынын жазуусунда” Бачинск (Рыбачье) деген наам пайда болгон.

Акырында “поселок” деп аталып калган. Рыбачынын калкынын негизги кесиби алгачкы кезде почта тейлөө жана балык уулоочулук болгон. Кийинчерээк, XIX кылымдын акырында, көлдүн түштүк жээгинде, Жаргылчактын аймагында карагай иштетүү уюштурулушу менен Рыбачы аркылуу карагай ташыла баштап, бул жерге чейин карагай көл аркылуу сал жана баркас менен жеткирилип, мындан араба аркылуу Токмокко ташылып кетип турган.

Ысык – Көлдө XX кылымдын башынан кеме жүрө баштаган. 1910 – жылы көпөстөрдүн анча чоң эмес жел кемелери Жаргылчактан Балыкчыга карагай ташып баштаган. 1916–ж. карагай ташуучу 6 баркас, эгин менен жүн ташуучу ошондой эле сандагы жел кемелер ишке киргизилген.



**ЫСЫК-КӨЛГӨ ТҮШҮРҮЛГӨН АЛГАЧКЫ КЕМЕ**

Мына ушул шарттардын өзү Рыбачынын калкына өзүлөрүнүн ылайдан жана чымдан жасалган саман үйлөрдү курууга шарт түзүү менен бул жаңы кесипке: жыгач усталыкка, жүк жүктөөчүлүккө ээ болууларына мүмкүндүк берди.

Бир аз кийинчерээк, 20-жылдарда жол курулушу өөрчүп, кеме жүргүзүү иши өнүгө баштайт. Балыкчылардын жана арабакечтердин борбордук кыштагы акырындык менен транспорттук ири түйүнгө, Чүй өрөөнүнөн Ысык–Көлгө, Ички Тянь-Шанга (Теңир–Тоо) баруучу жана кайта кайтуучу жолдогу өткөөл базага айлана баштайт.

Шаарда элеватор, көп сандаган складдар курулуп, алгачкы өнөр жай ишканалары пайда болот. Мына ушуга байланыштуу, калкы тездик менен өсөт, эгерде 1916-жылдан 1926–жылга чейинки мезгилде анын калкынын саны 137 кишиден 454 кишиге көбөйсө, 1939-жылы 5426, 1968-жылдын маалыматы боюнча шаарда 29801 киши жашаган.

Алгачкы өнөр жай ишканаларынын бири 1952–жылы пайда болгон “Автовнештранс” авто базасы ачылган. Автобазанын эмгек ардагери, Социалисттик Эмгектин баатыры Асан Мамбеталиев мындайча эскерет:

“Мен бул автобазада 1955-жылдан баштап эмгектене баштадым. Ошол учурда бул база аябагандай чоң автобаза катары эсептелинген. Мен келгенде 52 машина бар экен, алар менен Кытай Эл Республикасына соода жүктөрүн жеткирчүбүз. 80–жылдардын аягында базада 350 дөн ашык машина болгон. Балдарымдын баары айдоочу: Жумагул, Айтыгул, Айдарбек, Муратбек... Биздин династия жөнүндө киножурнал тартылган”.

Ошол жылдар да шаарда 14 автотранспорттук ишкана болуп, анда 3500дөн ашык айдоочу эмгектенген. Автоунаалык катнашуунун шаарлар аралыгы маршруттарынын саны боюнча Рыбачыга Ош шаарынан кийинки экинчи орун таандык.

1948–жылы “Кант – Рыбачье“ темир жолу ачылган. Бул темир жолдун ачылышына Кыргыз ССР Министрлер Советинин председатели И.Раззаков катышып, сүйлөгөн сөзүндө төмөндөгүгө токтолгон:

“Республиканын өндүргүч күчтөрүн мындан ары да өнүктүрүүдө, айрыкча Ысык–Көл, Тянь–Шань областарынын социалдык-экономикалык абалын жакшыртууда, өркүндөтүүдө жаңы темир жол чечкиндүү роль ойноп, тарыхый мааниге ээ болот”.




**И.Раззаков темир жолдун ачылышында.**

Темир жол чет мамлекеттерге чыгууга мүмкүнчүлүк түзгөн стратегиялык жол болгон. Темир жол аркылуу өнөр жай, айыл чарба жүктөрү ташылды. 1980-жылдардын аягында темир жолдун жаңы вокзалы ишке киргизилгенде ал жерде иштеген адамдардын саны 355ке өстү.

1931–жылы коллективизацияга Быстровка – Рыбачье темир жолу Кыргызстандын түндүк областары үчүн тагдыр өтүү жөнүндөгү ВКП(б)нын Кыргыз обкомунун токтомуна ылайык Балыкчы району уюшулуп, борбору Рыбачье кыштагы белгиленген. Ага Көлдүн тескейинен Улахол совхозуна, күңгөйүнөн Чоң-Сары-Ой колхозуна чейинки чарбалар кирген. Ушундан кийин Рыбачыда курулуш иштери кеңири жайылтылган: чарбалык, административдик, маданий, байланыш, турак–жай ж.б. курулуп пайдаланууга берилген.

1954–жылы Рыбачы кыштагы шаар статусуна татыктуу болду. Ал үчүн негизги критерийлер эске алынды:

-калкынын санынын өсүшү;

- чарбалык, маданий, саясий–административдик функциялардын кеңейиши;

- инфрастуктуранын өсүшү;

- өнөр жай өндүрүшүнүн көбөйүшү; ж.б.

- 1989–жылы Нарын жана Ысык–Көл областары биригип, Рыбачыны Ысык–Көл шаары деп аташты. Бирок, ал узакка созулган жок. СССР кулап, ар бир союздук республика өз алдынчалыгын алгандан кийин жер, суу

аттарына мурунку энчилүү аттары кайтарыла баштаганда шаарга 1992-жылы тарыхый аты – Балыкчы топонимине ээ болду.

Бүгүнкү күндө Балыкчы шаары өлкөбүздөгү бир катар кризистерди башынан өткөрүп келе жатат. Бирок социалдык – экономикалык кризистен да акрындык менен чыгып келе жатат. Калыгул карыянын Балыкчыга берген так–таамай мүнөздөмөсүнө жогоруда келтирилген окуялар, фактылар, кыймылдар жуурулушуп турат:

“Аңтара бүткөн айыбың болбосо,
Кыдырың – шамал,
Ыйыгың – Ысык–Көл,
Кыймылың эл экен”.

Ыйык Ысык–Көл, кыймылдуу эл турганда керектүүнү бардыгы болгон, болууда жана боло берет. Алардын бир борбору – Балыкчы да көптөгөн кылымдарды карытат.



**Балыкчы шаарынын азыркы көрүнүшү.**